# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2016-жылдын 23-ноябры № 617*

## 2017-жылга статистикалык иштердин программасын бекитүү жөнүндө

2017-жылга статистикалык иштердин курамын жана мазмунун аныктоо максатында, "Мамлекеттик статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. 2017-жылга статистикалык иштердин программасы (мындан ары - Программа) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана чарбакер субъекттер мамлекеттик статистиканын тиешелүү органдарына Программада каралган мөөнөттөрдө статистикалык жана административдик маалыматтарды беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги статистикалык иштерди каржылоону "Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган Кыргыз Республикасынын ишке тартылган органдарынын каражаттарынын чегинде жүргүзсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2016-жылдын 9-декабрында N 109 жарыяланды*

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **С.Жээнбеков**